*DOI:10.26104/NNTIK.2022.49.64.075*

*Мокеева А.М., Токтомаметова Ж.А., Жантаев А.С.*

# XXI КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТТААНУУСУНДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ИЗИЛДӨӨЛӨР

*Мокеева А.М., Токтомаметова Ж.А., Жантаев А.С.*

# ОСНОВНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ ПО КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ В КЫРГЫЗСКОМ ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИИ XXI ВЕКА

*A.Mokeeva, Zh. Toktomambetova, A. Zhantaev*

# BASIC RESEARCH ON KYRGYZ LITERATURE IN KYRGYZ LITERARY STUDIES OF THE XXI CENTURY

*УДК: 821:161:82.0 (575.2) (04)*

*Кыргыз адабияттаануу илиминин негизги салааларынын бири кыргыз адабияты болуп саналат. Бул илимий изилдөө салаасы боюнча кыргыз окумуштуулары аткарган эмгектер абдан эле арбын. Ошентсе да, аталган салаа боюнча изилдөөлөр XXI кылымда да жигердүү улантылып жатат. Мунун себебин кыргыз адабиятында иликтөөнүн объектисине айлантыла элек маселелердин көптүгү, аларга кошумча жаңы илимий проблемалар пайда болуп жаткандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Биз өз макалабызда адабияттаануу илиминин ушул салаасында XXI кылымда аткарылган негизги изилдөөлөргө, б.а. докторлук диссертацияларга сереп жасоо максатын көздөдүк. Аталган тармак боюнча баш-аягы 15 докторлук диссертация корголгон. Ал изилдөөлөрдү А.Абдыраманова, В.Акматова, Д.Асакеева, С.Байгазиев, А.Жантаев, М.Жумаев, К.Исаков, С.Искендерова, А.Кадырманбетова, Ү.Култаева, Г.Мурзахмедова, К.Мамбеталиев, А.Мусаев, Л.Үкүбаева, А.Эгембердиева аткарышкан. Буларда кыргыз адабиятынын абдан маанилүү проблемалары иликтөөгө алынган.*

***Негизги сөздөр:** адабияттаануу, докторлук диссертация, иликтөөнүн объектиси, илимий изилдөө, илимий проблема, кыргыз адабияты, кыргыз окумуштуулары.*

*Одним из основных направлений кыргызской литературоведческой науки является кыргызская литература. Поэтому научно-исследовательскому направлению кыргызские ученые выполнили очень много трудов. Тем не менее, исследования по названному отраслю также активно продолжаются и в XXI веке. Причина этого объясняется тем, что в кыргызской литературе существует множество проблем, которые еще не стали объектом изучения, а также возникают новые научные проблемы. В нашей статье мы намеревались сделать обзор основным исследованиям, то есть докторским диссертациям, выполненные в этой отрасли науки о литературе. Всего по данной отрасли защищено пятнадцать докторских диссертаций. Эти исследования проводили А.Абдыраманова, В.Акматова, Д.Асакеева, С.Байгазиев, А.Жантаев, М.Жумаев, К.Исаков, С.Искендерова, А.Кадырманбетова, У.Култаева, Г.Мурзахмедова, К.Мамбеталиев, А.Мусаев, Л.Укубаева, А.Эгембердиева. В них изучаются очень важные проблемы кыргызской литературы.*

***Ключевые слова:** литература, докторская диссертация, объект исследования, научное исследование, научная проблема, кыргызская литература, кыргызские ученые.*

*One of the main directions of the Kyrgyz literary science is kyrgyz literature. Kyrgyz scientists have done a lot of work in this research area. Nevertheless, research on this industry is also actively continuing in the XXI century. The reason for this is explained by the fact that there are many problems in the Kyrgyz literature that have not yet become the object of study, as well as new scientific problems arise. In our article, we intended to review the main research, that is, doctoral dissertations, carried out in this branch of the science of literature. In total, fifteen doctoral dissertations have been defended in this field. These studies were conducted by A.Abdyramanova, V.Akmatova, D.Asakeeva, S.Baigaziev, A.Zhantaev, M.Zhumaev, K.Isakov, S.Iskenderova, A.Kadyrmanbetova, U.Kultaeva, G.Murzakhmedova, K.Mambetaliev, A.Musaev, L.Ukubaeva, A.Egemberdieva. They study very important problems of kyrgyz literature.*

***Key words:** literature, doctoral dissertation, object of research, scientific research, scientific problem, kyrgyz literature, kyrgyz scientists.*

XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүүсүнө сереп жасасак, 2001-жылдан азыркы учурга чейин аткарылган кандидаттык жана докторлук диссертациялардын саны абдан мол. Жалаң докторлук диссертацияларды эле санай келсек отуздан ашууну корголгон. Адабияттаануу илиминин тарамдары боюнча карасак, кыргызстандык изилдөөчүлөр негизинен фольклористика, акындар чыгармачылыгы, кыргыз адабияты, чет элдер адабияты жана журналистика жаатында илимий эмгектерди жаратышканын көрө алабыз. Ушунун өзү бизге XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүү тенденциялары ар түрдүү болгонун, өнүгүү багыттары жетишерлик ар тараптуу экендигин күбөлөндүрөт. Анда кыргыз адабияттаануу илиминдеги кыргыз адабияты салаасынын негизги изилдөөлөрү тууразында сөз кылалы.

Кыргыз адабияттаануу илиминин кыргыз адабияты тармагы XXI кылымда өзгөчө күрдөөлдүү өнүккөн. Муну ушул салаада аткарылган докторлук эмгектердин саны да күбөлөндүрүп турат. Жаңы кылымдын алгачкы он жылдыктарында аталган тармак боюнча баш-аягы 15 олуттуу илимий изилдөөлөр аткарылып корголгон.

Аларды атай кетели, Л.Үкүбаева «Ч. Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору» (2001-ж.), Советбек Байгазиев «Кыргыз драматургиясы: тарыхы, конфликттер жана образдар эволюциясы (20-50-жылдар)» (2002-ж.), Абдылда Мусаев «Түгөлбай

Сыдыкбековдун романдары: адамдын көркөм концепциясы» (2002-ж.), Суусар Искендерова «Индивидуалдуу чыгармачылык жана фольклор: проблеманын эволюциясы» (2007-ж.), Гүлнара Мурзахмедова «Төлөгөн Касымбековдун тарыхый романистикасы жана анын жанрдын өнүгүүсүндөгү ролу» (2010-ж.), Каныбек Исаков «Кыргыз тамсилинин табияты, башаты жана калыптануу процесси» (2010-ж.), Үмүт Култаева «Кыргыз тарыхый романдары: типологиясы жана жанрдык өзгөчөлүктөрү» (2011-ж.), Кубан Мамбеталиев «Кыргыз адабиятындагы сатира жана юмор (түшүнүктүн генезиси жана сапаттын эволюциясы)» (2012-ж.), Аида Эгембердиева «Кыргыз аялдар поэзиясы: көркөм табияты, тарыхый өнүгүшү, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү» (2012-ж.), Мырзабек Жумаев «Өткөөл мезгилдин адабий процессиндеги кыргыз прозасынын тенденциялары» (2014-ж.), Айнура Кадырманбетова «50-80-жылдардагы кыргыз прозасындагы салттуу жана жаңычыл адабий-эстетикалык парадигмалар» (2014-ж.), Динара Асакеева «Көркөм-адабий процесс жана советтик идеология» (2015-ж.), Адилбек Жантаев «XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы көркөм дөөлөттөр: тарыхый-адабий, көркөм-эстетикалык мааниси: прозанын жана поэзиянын материалдарында)» (2019-ж.), Венера Акматова ««Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш (XX кылым)» (2019-ж.), Айнагүл Абдыраманова «XX кылымдагы кыргыз романдарынын поэтикасы» (2020-ж.) аттуу докторлук изилдөөлөрүн аткарып, алар ийгиликтүү корголгон.

Л. Үкүбаеванын докторлук диссертациясынын негизги мазмунун Чыңгыз Айтматовдун поэтикалык системасындагы фольклордун ордун, аткарган кызматын калемгердин көркөм-эстетикалык көз карашы менен бирдиктүү карoo түзөт. Эмгекте Ч. Айтматовдун элдик миф, уламыштарды колдонуудагы чыгармачылык бөтөнчөлүгүн ачып берүү үчүн фольклорго кайрылууга жазуучуга кандай идеялык-эстетикалык өбөлгөлөр түрткү болгондугу аныкталат, ошондой эле калемгердин чыгармаларында колдонулган фольклордук мотивдерге тутумдуу, концепциялуу талдоо жасоо менен анын чыгармачылыгында улуттук менен жалпы адамзаттыктын биримдиги кандайча ишке ашкандыгы түшүндүрүлөт [14].

С.О. Байгазиевдин илимий изилдөөсүндө көркөм сөз өнөрүбүздүн көрүнүктүү тармагы болуп саналган драмалык адабияттын XX кылымдагы тарыхын түзүү, кыргыз драматургиясынын баскан жолун бүгүнкү күндүн бийиктигинен кайрадан талдоо жана анын объективдүү тарых-таржымалын жаратуу максаты көздөлөт. Анткени, драматургия бир эле учурда театрдын негизи болуу жана театрда өмүр сүрүү менен бирге, өз алдынча адабият катары эпикалык жанрлар сыяктуу эле окула турган көркөм нарк, китептик рухий дөөлөт катары жашап турат. Андыктан драматургия кыргыз адабиятынын толук укуктуу маанилүү түрү катары, өзүнчө көркөм сөз тармагы катары басып өткөн жолу, улуттук айдында пайда болуу, жаралуу таржымалы, өсүп-өнүгүүсү адабияттаануу илими тарабынан көп жактуу изилденип, теориялык жактан талданып, өзүнүн илимий негизделген тарыхына ээ болуусу абзел [4].

А.И. Мусаевдин докторлук эмгегинде кыргыздын залкар калемгери Түгөлбай Сыдыкбековдун улуттук романистиканын өнүгүү тенденцияларын аныктаган маанилүү көркөм туундуларын тутумдуу жана ырааттуу изилдөө максаты астыга коюлат. Албетте, аталган калемгер кыргыз романистикасынын пайдубалын түптөөгө катышып, аны андан ары өнүктүрүүгө орчундуу салым кошкон. Ал жараткан романдар аркылуу бүтүндөй эле кыргыз романистикасынын реализмдин принциптерин өздөштүрүүдөгү оошкыйыштуу баскан жолун көрүүгө болот. Т. Сыдыкбеков өз чыгармачылык жолунда, бир жагынан, нормативдүү эстетиканын принциптерине жооп берген бир беткей образдарды жараткан, экинчи жагынан, кыргыз адабиятын нукура реалисттик көркөм нарктар менен байыткан. Ушул экинчи аспект кийин үстөмдүк жүргүзүп, романисттин көркөм изденүү пафосун аныктаган, натыйжада чыгармачылыктын бул жаңылануу тенденциясы кыргыз романынын улуттук негизин түзгөн күрдөөлдүү факторго айланган [13].

С. Искендерованын изилдөөсү фольклорду элдин мурасы, традиция катары карoo процессинде азыркы менен мурдагы өтмөлүүлүктүн актуалдуу милдеттерин чечмелөөгө, ошондой эле фольклор кыргыз адабиятынын ажырагыс курамдык бөлүгү экендигин аныктоого, ушул татаал эволюциялык процесстин ички кыймыл-аракетин байыркы орток адабий жазма эстеликтерден баштап, жазгыч акындардын чыгармачылыгы, совет мезгилиндеги, андан кийинки постсоветтик адабий фактыларды талдоо аркылуу ачып көрсөтүүгө багытталат. Автордун пикиринде, көркөм өнүгүүдөгү бир сапаттык абалдан экинчи сапаттык абалга өтүү – бул эң оболу кылымдан кылымга келаткан традициялуу көркөм аң-сезимден жекече, индивидуалдуу чыгармачылыкка өтүү болуп саналат [8].

Г.М. Мурзахмедованын докторлук диссертациясы белгилүү кыргыз прозачысы Төлөгөн Касымбековдун тарыхый романистикасын алгач ирет жалпылаштырып караган монографиялык изилдөө болуп саналат. Эмгекте жанрдын теориясынын, анын ички түрдүк классификациясынын кээ бир маселелери, анын кыргыз адабиятында өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен негизги этаптары талданат. Жазуучунун тарыхый романдары азыркы адабияттын контекстинде, жеке алсак, кыргыз прозасынын алкагында изилденет. Т. Касымбековдун тарыхый романдарынын мисалында

жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн тарыхый романистикасынын өнүгүүсүнүн жалпы типологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрү да, анын кыргыз тарыхый прозасынын өзүнчөлүгүн аныктаган бөтөнчө улуттук тенденциялары да ачылат. Ушул эмгектин алкагында тарыхый инсандардын көркөм элестерин түзүүдөгү, жазуучу алдыга койгон теманы ачуудагы жаңы тенденциялар аныкталат, анан да тарыхый доорду жана инсанды турмушка ашыруудагы кээ бир жаңычылдык белгилери айкындалат. Материалы да жаңы, «Сынган кылыч» романынын кайра иштелген варианты жана «Кыргын» романы изилдөөнүн предметине алынат[12]

К.А. Исаковдун илимий эмгегинде тамсил жанрынын эволюциялык процессин, кыргыз көркөм сөз өнөрүндөгү жанрдык спецификасын, коомго таасир тийгизүүчү күчүн, башка элдердин тамсилчилик өнөрү менен типологиялык байланышын, айрым тамсилчи авторлордун чыгармачылык индивидуалдуулугун атайын максатта изилдөө көздөлөт. Албетте, изилдөө фольклористика менен тыгыз байланышта турат. Анткен менен, кыргыз профессионал жазма адабиятындагы тамсил жанрынын өнүгүүсүнө маанилүү орун ыйгарылат. Ошентип, диссертацияда кыргыз адабият таануусунда эң алгачкы жолу жалпыланган түрдө кыргыз тамсилдеринин эки кылым аралыгындагы адабий-тарыхый өнүгүшү талдануу менен соңку жылдардагы жанрдын динамикасына ар тараптуу баа берилет [7].

Ү.Б. Култаеванын докторлук изилдөөсүндө кыргыз адабиятындагы айрым тарыхый чыгармаларда улуттук тарыхтын бурмаланышын, андагы негизги каармандардын – тарыхый инсандардын образдарынын фальсификацияланышын азыркы адабияттаануунун бийиктигинен кайра талдоо, кыргыз тарыхый романынын жанрдык өзгөчөлүгүн иликтөө, анын негизинде ушул багытта жазылган бир нече романдардын жанрын так аныктоо максаты астыга коюлат. Натыйжада, эмгекте кыргыз тарыхый романистикасынын жалпы өнүгүү эволюциясы, анын өнүгүү процессинин этаптары аныкталат; кыргыз тарыхый романдарынын генезисине илимий сереп жасалат; тарыхый чыгармалардын жанрдык табиятындагы улуттук өзгөчөлүктөрү талданат, улуттук тарыхый романдын жанрды түзүүчү көркөм деталдары аныкталат; тарыхый инсандарга карата ар түрдүү көз караштар талданып, алар тууралуу тарыхый чындык далилденет; тарыхый романдарга типологиялык талдоо жасоо аркылуу алардын жанрдык классификациясы аныкталат; кийинки мезгилдеги тарыхый темадагы чыгармалардын деңгээли талданып, алардагы кемчиликтердин себептери иликтенет [10].

К.И. Мамбеталиевдин эмгегинде адабияттагы сатира жана юмор түшүнүктөрүн теориялык андаштыруу жана кыргыз көркөм сөз өнөрүндөгү элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн баштап, азыркы кыргыз авторлорунун чыгармаларына чейинки сатира менен юмордун элементтеринин сапатынын өнүгүү процессин көрсөтүү максаты көздөлөт. Көрүнүп тургандай, бул эмгек да фольклористика менен белгилүү бир даражада байланышат. Диссертацияда сатира жана юмор түшүнүгүнө советтик мезгилдеги идеологиялык орнотмолордон эркин методологиялык турумдардан баа берилет Эмгекте улуттук адабияттын өнүгүүсү үч этапта – совет мезгилине чейинки, советтик жана азыркы этаптарда каралат. Автор кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн фольклордун жанрларынан XXI кылымдагы авторлордун чыгармаларына чейин келаткан уланмалуу байланышына көңүл бурат [11].

А.А. Эгембердиеванын диссертациясынын негизги максаты кыргыз адабиятындагы аялдар поэзиясынын пайда болуу, өнүгүү абалын аныктоо, системалуу иликтөөгө алуу болуп эсептелет. Мында биринчилерден болуп кыргыз адабиятындагы акын кыздардын чыгармачылыгын эволюциялык ирээтте талдоого алып, анын генезисинен тартып эң соңку көрүнүштөрүнө чейинки тарыхый өнүгүүсүн системага салып, комплекстүү кароо, алардын көркөмдүк табиятын, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрүн мезгилдик алкакта салыштырууга алуу, жыйынтыгында дээрлик бир кылымдык адабий процессти аялдар поэзиясынын мисалында ачып берүү аракеттери жасалат [15].

М. Жумаевдин докторлук изилдөөсүндө өткөөл мезгилдеги кыргыз прозасынын идеялык, тематикалык, проблематикалык, эстетикалык, формалык, мазмундук өзгөрүүлөрүн, тенденцияларын илимий негизде аныктоо максаты көздөлөт. Мында адабиятыбызга кескин бурулуш ыйгарган XX кылымдын соңку жылдары менен XXI кылымдын биринчи он жылдыгындагы адабий процесстин көркөмдүк-эстетикалык, идеялык-тематикалык проблемалары жөнүндө изилдөө аткарылып, өткөөл мезгилдин адабияттаануусунун биринчи кезктеги актуалдуу проблемасы тутумдаштырылып, прозалык чыгармалардын (аңгеме, повесть, роман) көркөм-идеялык платформасы, фактурасы, изилдөө вектору аныкталат [6].

А.К. Кадырманбетованын илимий эмгеги 50-80-жылдардагы кыргыз прозасындагы салттуу жана жаңычыл адабий-эстетикалык парадигмаларды изилдөөгө арналат. Мында иликтөөгө алынган мезгил аралыгындагы кыргыз прозасындагы салттуу жана жаңычыл көрүнүштөрдү аны жараткан коомдук-тарыхый, маданий турмуш менен тыгыз биримдикте карап, алардын башкача эмес, дал ушундай формада жаралуусунун зарылчылыгын, себептерин ачып берүү максаты астыга коюлат. Ошондой эле кыргыз прозасынын өнүгүү этаптарынын тарыхый, теориялык жагдайларынын изилдениш деңгээлине талдоо берилет,

прозалык образ, прозалык сюжет, прозалык поэтика маселесинин адабий өнүгүүнүн алгачкы этабында көрүнүшүнө, 50-80-жылдар прозасында тереңдетилип өнүктүрүлүшүнө талдоо жасалат, бир типтеги көркөм ойлоодон экинчи типтеги көркөм ойлоого өтүүдөгү ички адабий, сырткы коомдук факторлордун таасири аныкталат, заман талабына жараша эпикалык доордун поэтикалык салттарынын прозалык эпикага орун бошотуусу адабий фактылык материалдардын мисалында айкындалат, соцреалисттик модель жана реалисттик каарман, авторитардык идеология жана этнофилософиялык эстетика ортосундагы драмалык, трагедиялык конфликттин көркөм чечмеленишине адабий талдоо жүргүзүлөт, 50-80-жж. прозаик жазуучулардын көркөмдүк изденүү багыттары аныкталат [9].

Д.Ж. Асакееванын докторлук изилдөөсү кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүшүнө советтик идеологиянын жана саясий программалар менен көрсөтмөлөрдүн тийгизген оң жана терс таасирин иликтөө, анын ичинде коомдук турмушка таптык мамиленин, сталинисттик саясаттын чыгармачылыкка тийгизген оң жана терс жактарын талдоо; тоталитаризм жана улуттук көркөм сөз, репрессивдик аң-сезим жана оң каарман маселеси, саясий догма жана чыгармачылык, идеология жана адабият, көркөм чыгармачылык жана ага коюлган чектөөлөрдү ачып берүү максатын көздөйт. Эмгекте социализмди, советтик доорду, өткөн тарыхты жокко чыгаруу, бир гана терс жагын айтууга басым жасалган жок деп белгиленет [3].

А.С. Жантаевдин докторлук эмгеги XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы (прозасы менен поэзиясындагы) көркөм дөөлөттөрдү аныктоонун жаңы жолун сунуштоо жана кыргыз адабият таануусунда дөөлөттүк изилдөөлөрдүн келечектүү методологиясын негиздөө максатын көздөйт. Аталган изилдөөдө аксиология менен адабият таануунун принциптерин жуурулуштурууга жетишилген. Аксиологиянын теориялык-методологиялык негиздери жана аны социалдык-гуманитардык илимдерде, жеке алсак, адабият таанууда колдонуу маселеси талданылган. Муну менен адабият таануучулук мүнөздөгү изилдөөнүн методологиясын жаңылоо аракети ишке ашырылган. Адабият таануучулук түшүнүктөрдүн аксиологиялык мазмуну ачылган. Көркөм адабияттын туундуларынын дөөлөттүк маңызын аныктоонун салтсыз, стандартсыз ыкмалары, алсак, студенттерден алынуучу анкета жана мугалимдер менен эксперименттик изилдөө иштелип чыккан жана практикада колдонулган. Аталган усулдар адабият таануучулук изилдөөлөрдө колдонууга сунушталган. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыктары дөөлөттүк негизде изилдөөдөн өткөрүлгөн. Ушулардын барлыгы эмгек жаңычыл мүнөздө экенин күбөлөндүрөт [5].

В.С. Акматованын изилдөөсүнүн негизги максаты – «Манас» эпосунун түбөлүк кыймылдагы, жандуу маданий жана адабий процесске ар дайым көп тараптуу жана өнөгөлүү таасир эткен өлбөс эпос экенин анын XX кылымдагы тарыхы жана тагдыры аркылуу ачып берүү болуп саналат. Аны менен катар советтик режимдин «Манаска» жасаган мамилесин илимий жактан чечмелөө, саясий жана идеологиялык конъюктуранын ойногон ролун иликтөө, аны тиешелүү фактыларга таянып жана ар кыл саясий-идеологиялык көз караштарды эске алуу менен ачып берүү, талдоого алуу ишке ашырылат. Эпостун марксисттик-лениндик идеялардын призмасынан каралышы (пантүркизм, панисламизм, буржуазиялык-улутчул), эпикалык чыгарманын табияты, улуттук идентификация маселеси, эпостун кыргыз адабий-көркөм ой жүгүртүүсүнүн өнүгүү тенденцияларына тийгизген таасирине илимий баа берүү, «Манас» эпосунун айланасындагы кыргыз адабиятындагы идеялык күрөштөрдү талдоо жана ошол идеялык күрөштүн кыргыз көркөм сөз маданиятынын калыптанышына жана өнүгүүсүнө тийгизген таасирин жана ордун аныктоо жумуштары жасалат [2].

А.Ш. Абдырамановванын диссертациясында 60-90-жылдардагы кыргыз романдарынын поэтикасынын жалпы типологиялык жана индивидуалдык-автордук каражаттарын ачып көрсөтүү, динамикасын байкоо максаты астыга коюлат. Бул эмгекте кыргыз романдарынын өнүгүүсүндөгү теориялык аспекттер аныкталат жана поэтикалык ыкмаларынын, каражаттарынын динамикасына байкоо жүргүзүлөт. Ошондой эле кыргыз романдарынын жаңы тенденциялары айкындалат, фольклордук поэтиканын жана модернизмдин, постмодернизмдин поэтикалык каражаттарынын колдонулуу жолдору талданат. Натыйжада кыргыз адабияттаануусунда биринчи жолу кыргыз романдарынын поэтикалык каражаттары системалык талдоого алынат, алардагы коомдук-маданий мейкиндиги, элдин аң-сезими чагылдырылат [1].

Көрүнүп тургандай, XXI кылымдын башында кыргыз адабияттаануу илиминин кыргыз адабияты тармагында абдан актуалдуу болуп саналган көптөгөн проблемалар изилдөөнүн объектисине айлантылган. Окумуштуулардын өз изилдөөлөрү боюнча келген

тыянактары, илимий изилдөөнүн жаңы багыттарын сунуштоолору аталган салаанын күрдөөлдүү өнүгүүсүнө түрткү болуп берген.

**Адабияттар:**


1. Абдыраманова А. Ш. XX кылымдагы кыргыз романдарынын поэтикасы: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек: Мега Формат, 2020. - 48 б.
2. Акматова В. С. «Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш (XX кылым): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек: Мега Формат, 2019. – 46 б.
3. Асакеева Д.Ж. Көркөм-адабий процесс жана советтик идеология: фил.ил.д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек: Жамаат-пресс, 2015. - 42 б.
4. Байгазиев С. XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы (20-50-жылдар): фил.ил.д-н … дисс. автореф.: 10.01.03. - Бишкек, 2002. – 38 б.
5. Жантаев А.С. XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы көркөм дөөлөттөр: тарыхый-адабий, көркөм-эстетикалык мааниси (прозанын жана поэзиянын материалдарында): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. – Б., 2019. - 46 б.
6. Жумаев М. Өткөөл мезгилдин адабий процессиндеги кыргыз прозасынын тенденциялары: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек: Алтын тамга, 2014. – 46 б.
7. Исаков К. А. Кыргыз тамсилинин табияты, башаты жана калыптануу процесси: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01 - Бишкек, 2010. - 44 б.
8. Искендерова С. Индивидуалдуу чыгармачылык жана фольклор: проблеманын эволюциясы: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01 – Бишкек, 2007. – 42 б.
9. Кадырманбеова А. К. 50-80-жылдардагы кыргыз прозасындагы салттуу жана жаңычыл адабий-эстетикалык парадигмалар: фил.ил.д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек: Улуу тоолор, 2014. - 46 б.
10. Култаева Ү. Б. Кыргыз тарыхый романдары: типологиясы жана жанрдык өзгөчөлүктөрү: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01 – Бишкек, 2011. – 46 б.
11. Мамбеталиев К.И. «Сатира и юмор в кыргызской литературе (генезис понятия и эволюция качества): автореф. дисс. …док. фил. н.: 10.01.01. – Б.: Алтын принт, 2012. - 43 с.
12. Мурзахмедова Г.М. Историческая романистика Толегена Касымбекова и ее место в развитии жанра: автореф. дисс. … док.фил.н.: 10.01.01. - Б.: Сарыбаев Т.Т., 2010. - 49 с.
13. Мусаев А. И. Т. Сыдыкбековдун романдары: адамдын көркөм концепциясы: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.03. - Бишкек: Типография БГУ, 2002. - 46 б.
14. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.03. - Бишкек: Абыкеев А. Э., 2001. - 42 б.
15. Эгембердиева А.А. Кыргыз аялдар поэзиясы: көркөм табияты, тарыхый өнүгүшү, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Б., 2012. - 50 б.